УДК 372.881.1
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-116-121

Каразакова З.Ж., Мамадиева Г.Б.
ОшМУ
Каразакова З.Ж., Мамадиева Г.Б.
ОшГУ
Karazakova Z.Zh., Mamadieva G.B.
OshSU

ORCID 0009-0004-5812-226X

ОКУМУШТУУ Ж. ЧЫМАНОВДУН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУ МЕТОДИКАСЫ ИЛИМИНИН ӨНҮГҮШҮНӨ КОШКОН САЛЫМЫ
ВКЛАД УЧЕНОГО Ж. ЧЫМАНОВА В РАЗВИТИЕ МЕТОДИКИ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
CONTRIBUTION OF SCHOLAR J. CHYMANOV TO THE DEVELOPMENT OF KYRGYZ LANGUAGE TEACHING METHODOLOGY

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тилин окутуу методикасы илиминин калыптанышы жана өнүгүшү, окумуштуу-методист Жеңишбек Чымановдун бул багытка кошкон салымы каралат. Көчмөндөр мезгилинде таалим-тарбия берүү, чечендикке үйрөтүү, накыл кептерди жайылтуу сыяктуу көрүнүштөр аркылуу элдик педагогиканын негиздери калыптанганы, ал эми совет мезгилинде билим берүү жана агартуу системасына өзгөчө көңүл бурулуп, кесипкөй адистерди даярдоо менен кыргыз илиминин өнүгүшүнө шарт түзүлгөнү белгиленет. Кыргыз тилин окутуу методикасы илиминин калыптанышына А. Кайбылдаев, К. Аюпова, М. Момбекова, Э. Бердибаев, С. Үсөналиев, Б. Өмүралиев, С. Шатманов, С. Нааматов, К. Иманалиев, К. Сартбаев ж.б. салым кошкону көрсөтүлөт. Бул илимдин өнүгүшүнө салым кошкон окумуштуулардын бири Ж. Чыманов болуп саналат. Ал 1996-жылы кандидаттык, 2010-жылы докторлук диссертациясын коргоп, 200дөн ашуун илимий жана илимий-методикалык эмгектерин жарыялаган. Алардын катарында монографиялар, сөздүктөр, окуу-усулдук эмгектер, предметтик билим берүү стандарттары, окуу программалары жана концепциялар бар. Окумуштуунун эмгектеринде кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары окутуунун теориялык-методикалык, дидактикалык жана технологиялык маселелери ар түрдүү өңүттөн изилденген. Ошондой эле анын «Кыргыз тили сабагы – баарлашуунун сабагы» деген методикалык көз карашы, окутууну коммуникативдик багытта уюштуруу, окуучунун байланыштуу кебин өнүктүрүү жана тилди коомдун ар түрдүү чөйрөлөрүндө эркин колдонууга үйрөтүү боюнча сунуштары каралат. Макалада Ж. Чымановдун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү, кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча жарыяланган эмгектери жана илимий-методикалык сунуштары талдоого алынат.

Аннотация: В статье рассматриваются становление и развитие методики преподавания кыргызского языка, а также вклад ученого-методиста Женишбека Чыманова в развитие данного научного направления. Отмечается, что основы народной педагогики формировались еще в период кочевой культуры посредством воспитания и обучения, развития ораторского искусства и распространения назидательных изречений, а в советский период особое внимание уделялось системе образования и просвещения, подготовке профессиональных кадров, что способствовало развитию кыргызской науки. Показан вклад А. Кайбылдаева, К. Аюповой, М. Момбековой, Э. Бердибаева, С. Усеналиева, Б. Омуралиева, С. Шатманова, С. Нааматова, К. Иманалиева, К. Сартбаева и др. в становление методики преподавания кыргызского языка. Одним из ученых, внесших вклад в дальнейшее развитие этой науки, является Ж. Чыманов. В 1996 году он защитил кандидатскую, а в 2010 году – докторскую диссертацию и опубликовал более 200 научных и научно-методических работ. Среди них монографии, словари, учебно-методические труды, предметные образовательные

стандарты, учебные программы и концепции. В трудах ученого с разных сторон исследованы теоретико-методические, дидактические и технологические вопросы преподавания кыргызского языка как родного, второго и иностранного. Рассматриваются также его методический подход «Урок кыргызского языка – урок общения», рекомендации по коммуникативной направленности обучения, развитию связной речи учащихся и формированию умения свободно использовать язык в различных сферах общественной жизни. В статье анализируются научно-педагогическая деятельность Ж. Чыманова, его труды по методике преподавания кыргызского языка и научно-методические рекомендации.

Abstract: The article examines the formation and development of Kyrgyz language teaching methodology and the contribution of the scholar and methodologist Zhenishbek Chymanov to this field. It notes that the foundations of folk pedagogy were formed during the nomadic period through education and upbringing, the development of oratory skills, and the dissemination of instructive sayings. During the Soviet period, particular attention was paid to education and enlightenment and to the training of professional specialists, which contributed to the development of Kyrgyz scholarship. The article highlights the contributions of A. Kaibyldaev, K. Ayupova, M. Mombekova, E. Berdibaev, S. Usenaliev, B. Omuraliev, S. Shatmanov, S. Naamatov, K. Imanaliev, K. Sartbaev, and others to the formation of Kyrgyz language teaching methodology. One of the scholars who contributed to the further development of this field is Zh. Chymanov. He defended his Candidate of Sciences dissertation in 1996 and his Doctor of Sciences dissertation in 2010 and has published more than 200 scientific and methodological works. These include monographs, dictionaries, teaching and methodological materials, subject education standards, curricula, and concepts. His works examine theoretical, methodological, didactic, and technological issues related to teaching Kyrgyz as a native, second, and foreign language. The article also considers his methodological approach, “A Kyrgyz language lesson is a lesson in communication,” as well as his recommendations on communicative language teaching, the development of students’ coherent speech, and their ability to use the language freely in various spheres of social life. The article analyzes Chymanov’s scientific and pedagogical activities, his works on Kyrgyz language teaching methodology, and his scientific and methodological recommendations.

Негизги сөздөр: кыргыз тили; Ж. Чыманов; методист; окутуунун методикасы; коммуникативдик окутуу; байланыштуу кеп; текст; илимий-методикалык сунуштар.

Ключевые слова: кыргызский язык; Ж. Чыманов; методист; методика преподавания; коммуникативное обучение; связная речь; текст; научно-методические рекомендации.

Keywords: Kyrgyz language; Zh. Chymanov; methodologist; teaching methodology; communicative language teaching; coherent speech; text; scientific and methodological recommendations.

Илимпоз Ж.А. Чыманов 1955-жылы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз айылында туулган. 1972-жылы айылындагы С.М. Киров атындагы (азыркы Д. Иманов атындагы) орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1973–1975-жылдары Советтик армияда кызмат өтөп, 1976-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине (КМУ, азыркы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети – КУУ) тапшырып, аны 1981-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолу 1981-жылы аталган университеттин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасында лаборанттык кызматтан башталган. Ошол жылдан тартып азыркы мезгилге чейин Кыргыз филологиясы факультетинде окутуучу, доцент, профессор кызматтарында эмгектенип келет.

Мындан сырткары, Ж.А. Чыманов «Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасын», «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун предметтик стандартын (5–9, 10–11-класстар)» иштеп чыгууга активдүү катышкан. Кыргыз тили жана адабияты боюнча мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадаларынын калыстар тобунун төрагасынын орун басары (2000–2008), докторлук жана кандидаттык диссертациялык кеңештин мүчөсү (2011-жылдан азыркы күнгө чейин), «Кыргызтесттин»

эксперти, Кыргыз билим берүү академиясынын (КББА) методикалык кеңешинин мүчөсү, Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин «Кыргыз тили» окуу китептерин иштеп чыгуу боюнча эксперти, Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (ИСИТО) Илимий консультанттар кеңешинин мүчөсү, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү ж.б. катары илимий-педагогикалык жана коомдук иштерге активдүү катышып келет.

Методист-педагог Ж.А. Чыманов 1996-жылы педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн диссертациясын, ал эми 2010-жылы «Орто мектепте кыргыз тилин окутуунун лингводидактикалык негиздери» деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2003-жылы ага «Педагогика» адистиги боюнча доцент илимий наамы ыйгарылган.

Окумуштуу Ж. Чыманов кыргыз тилин эне тил катары окутуунун методикасы боюнча эмгектерин өткөн кылымдын 80-жылдарынан тартып жарыялай баштаган. Жалпысынан 200дөн ашуун илимий жана илимий-методикалык эмгектери, макалалары жарык көргөн. Алардын ичинде 3 монография, 7 окуу куралы, 3 сөздүк, жакынкы чет өлкөлөрдө жарыяланган 5 макала, предметтик билим берүү стандарты, окуу программасы, жаңылоо концепциясы ж.б. бар.

Ж. Чыманов «Кыргыз тили сабагы – баарлашуунун сабагы» деген пикирин 1997-жылы жарык көргөн «Байланыштуу кепти окутуунун негиздери» эмгегинде белгилеген. Окумуштуунун пикири боюнча, окутуунун мазмуну коммуникативдик багытта уюштурулуп, окуучунун байланыштуу кеби өнүгүп, тилди коомдун ар түрдүү чөйрөлөрүндө эркин колдоно билүү деңгээлине жеткенде гана предметтин максат-милдеттери ишке ашат [1]. Бул методикалык көз караш азыркы учурда да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет.

1998-жылдан тартып азыркы учурга чейин Ж. Чыманов негизги предметтердин бири болгон «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» боюнча лекцияларды окуп, практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактарды өткөрүп келет. Анын сабактарында студенттердин сүйлөө жана баарлашуу көндүмдөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, өз алдынча пикир айтуусуна жана тыянак чыгаруусуна өзгөчө көңүл бурулат. Мындай багыт студенттин инсан жана кесипкөй адис катары калыптанышына өбөлгө түзөт.

Ж. Чымановдун демилгеси менен «Байланыштуу кепти окутуунун методикасы» жалпы курсу жана «Стилистиканы окутуунун методикасы» атайын курсу, ошондой эле ЖОЖдордо кыргыз тилинин практикалык курсун профилдик багыттар боюнча баштоочу жана улантуучу тайпаларда окутуу окуу планына киргизилип, азыркы мезгилге чейин окутулуп келет. Окумуштуу республиканын ар кайсы аймактарында мугалимдерге, студенттерге, орто жана жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулук курамына лекцияларды окуп, семинар-тренингдерди өткөрүп келет.

Эки баскычтуу билим берүү системасына өтүүгө байланыштуу бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо үчүн «Кыргыз тилин окутуунун методикасы», «Кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» (бакалавриат), «Илимий-педагогикалык методология», «Кыргыз тилин этнопедагогикалык негизде окутуу» (магистратура) боюнча жаңы программаларды иштеп чыккан [2; 6]. Бул багытта кыргыз тилин эне тил жана экинчи (мамлекеттик) тил катары окутууну өркүндөтүү боюнча эки концепция иштеп чыгып, жарыялаган. Ошондой эле ЖОЖдор үчүн кыргыз тилин эне тил жана экинчи тил катары окутуунун методикасы боюнча типтүү программалардын авторлорунун бири.

Илимпоз Ж.А. Чыманов кыргыз тилин окутуунун методикасы адистиги боюнча 19 илимдин кандидатын жана 1 илимдин докторун даярдоого жетекчилик кылып, 20дан ашык изденүүчүгө жана аспирантка илимий жетекчи жана кеңешчи болгон. Диссертациялык иштер кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери, кеп маданиятын, текстти, стилистиканы жана байланыштуу кепти окутуу сыяктуу актуалдуу темаларга арналган. Бул изилдөөлөрдө кыргыз тилин окутуунун бир катар теориялык жана методикалык маселелери каралган. Ж.А. Чыманов 2011-жылдан бери 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистиги боюнча Диссертациялык кеңештин мүчөсү.

2001-жылы авторлоштукта жарык көргөн, ЖОЖдор үчүн даярдалган «Тил илимине киришүү» окуу китеби [3] жана 2004-жылы жарык көргөн «Кыргыз тили: энциклопедиялык окуу куралы» адистерди даярдоодо жана илимий изилдөөлөрдө колдонулуп келет. Ж.А. Чыманов «Кыргыз тили» энциклопедиялык окуу куралынын авторлорунун бири, ошондой эле «Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюлган талаптар» эмгегинин эксперт-рецензенти.

2007-жылы жарыяланган «Кыргыз тили: Сабактын теориясы жана практикасы» жана «Кыргыз тили: Окутуу методдору» [4], 2009-жылы жарык көргөн «Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы» [7] ж.б. окуу-методикалык эмгектери мугалимдерди даярдоодо жана алардын кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонулуп келет. Ал эми 2009-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы» монографиясында кыргыз тилин эне тил катары окутууга жаңыча мамиле жасалып, билим берүүнүн заманбап талаптары эске алынган [8]. Автор эмгекте кыргыз тилин эне тил катары окутуунун жалпы теориялык маселелерин билим берүүнүн, анын ичинде эне тилди окутуунун учурдагы талаптарына ылайык иштеп чыгууну негизги максат катары койгон.

Окумуштуунун: «Келгиле, кесиптештер. Кыргыз тилин окутуунун сапатын көтөрүүгө биргелешип, карым-катышта, кызматташтыкта аракет кылалы. Кыргыз тилин окутуунун азыркы абалы бардыгыбыздан ошону күтөт», – деген пикири педагогдорду кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатууга багытталган биргелешкен иш-аракетке үндөйт.

Кыргыз тил илиминде текст таануу, ал эми окутуу процессинде текстти каражат катары пайдалануу багыты калыптанып, өнүгүп келет. Бул маселе методист Ж. Чымановдун жетекчилиги астында теориялык жана практикалык жактан изилденип, бир катар монографиялар жарыяланып, илимий диссертациялар корголгон. Аталган изилдөөлөрдүн илимий жыйынтыктары текстти окутууда пайдалануунун теориялык жана практикалык негиздерин иштеп чыгууга өбөлгө түзгөн. Андагы илимий-методикалык сунуштарда компетенттүүлүккө негиздеп окутууда текстти негизги каражаттардын бири катары пайдаланууга, студенттердин тилдик-коммуникативдик жана социомаданий компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

Окумуштуунун: «Кыргыз элдик педагогикасынын негиздери элдин каада-салтында, үрп-адатында, элдик (улуттук) оюндарында, өзгөчө элдик оозеки чыгармаларда берилип, сакталып, баркталып жана муундан муунга ар түрдүү формада берилип келгендиги менен белгилүү», – деген пикири [8, 80-б.] кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздерине байланыштуу изилдөөлөрүндө чагылдырылган. Бул багытта бир катар илимий-методикалык эмгектер жарыяланган.

2009-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы» монографиясында кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык маселелери системалуу каралган [8]. Эмгекте кыргыз тилин окутууда колдонулуучу методдорго, каражаттарга, көрсөтмөлөргө, схемаларга жана таблицаларга байланышкан маселелер талданып, аларды окутуу процессинде пайдалануунун илимий-методикалык негиздери сунушталган.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда тилди үйрөтүү, студенттердин компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү окутуучу менен студенттин бир максатка, бир натыйжага багытталган биргелешкен иш-аракети аркылуу ишке ашат. Мында окутуучу билим берүүчү, ал эми студент билим алуучу тарап катары каралат. Ошол эле учурда билим берүүгө гана эмес, студенттин өз алдынча билим алуусуна да өзгөчө маани берүү зарыл.

Методист Ж. Чыманов окуучуну эмгекчилдикке, зиректикке, тыкандыкка, чынчылдыкка, өз алдынча өнүгүүгө жана эркин баарлашууга үйрөтүүдө, ошондой эле алган билимин турмушта сабаттуу колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандырууда кыргыз тили сабактарында көркөм, публицистикалык жана илимий стилдеги тексттерди пайдалануунун маанисин белгилеген. Бул үчүн тексттерди алдын ала кылдат тандоого, аларга ылайык тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү жана талдоо ыкмаларын иштеп чыгууга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын көрсөткөн.

Ж. Чымановдун сабактарында колдонулган усулдардын бири – реалдуу турмуштагы маанилүү окуяларга карата студенттин (окуучунун) жеке көз карашын, сунуш-пикирин текст аркылуу жазуу жана оозеки түрдө билдирүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. Окумуштуу текст тандоого байланыштуу:

«Текст тандоо окутуунун максаттары, окутуунун мазмуну менен бирге эле окутуунун принциптерине, жаш-куракка, кызыгууга, аймактык өзгөчөлүккө жана башка ички-сырткы факторлорго, жагдай-шарттарга да көңүл бурулат же аларга негизделет», – деп белгилейт [8, 59-б.; 356–357-бб.]. Бул тыянак текстти тандоодо окуучунун өзгөчөлүктөрүн жана окутуу шарттарын эске алуунун маанилүүлүгүн көрсөтөт.

Окумуштуунун төмөнкү методикалык сунуш-пикирлеринин актуалдуулугун белгилөөгө болот:

1. Кыргыз тилин эне тил катары окутууга болгон мамиле жана түшүнүк олуттуу толуктоолорго, өзгөртүүлөргө дайыма муктаж. Бул маселе, баарыдан мурда, кыргыз тилин окутуунун максатын жана мазмунун так аныктоого жана аларды азыркы талаптарга шайкеш келтирүүгө байланыштуу каралат. Бул маселени кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздерин аныктоодо, айрыкча окутууну «социалдаштыруу», «ааламдаштыруу» жана «гумандаштыруу» түшүнүктөрүн чечмелөө, окутуунун жалпы дидактикалык принциптерине «табигыйлык» принцибин киргизүү, ошондой эле лингвистикалык жана методикалык принциптерди аныктоо аркылуу чечүүгө аракет жасалган. Бул багыттагы атайын иликтөө иштерин улантуу зарыл.

2. Эгерде билим берүүнүн, анын ичинде эне тилди окутуунун «улуттук моделин» (И. Бекбоев) түзүүгө аракет кылсак, кыргыз тилин окутууда этноилимдерге (этнопедагогика, этнолингвистика, этносоциология, этномаданият ж.б.) артыкчылыктуу маани берип, аларды окутуу-үйрөтүү иштеринде кеңири пайдалануу зарыл. Бул багыттагы изилдөөлөр кыргыз тилин окутуунун методикасында дээрлик иштеле элек.

3. Филолог-студенттерди тандап алуу, аларды окутуу жана педагогикалык ишмердүүлүккө даярдоо процесстери да олуттуу жаңылануу муктаж.

4. Кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун формаларына, сабакка, сабактын типтерине жана түрлөрүнө, сабакты талдоонун методикасына, сабакта колдонулуп жаткан метод-ыкмаларга жана көрсөтмө куралдарга болгон бүгүнкү мамиле да өзгөрүүгө муктаж. Бул багытта практик мугалимдердин жүргүзүп жаткан иш-аракеттери, негизинен, текшерүүдөн өтүүгө багытталган мүнөздөн толук арыла элек. Кыргыз тили мугалиминин педагогикалык ишмердүүлүгү ал өткөн сабактын тип-түрүнө, колдонгон метод-ыкмаларына жана көрсөтмө курал-каражаттарына карата гана бааланбастан, баарыдан мурда, сабакка коюлган максаттын (же максаттардын) ишке ашырылышына, мугалимдин чыгармачылыгына жана окуучулардын жамааттык же өз алдынча ишмердүүлүгүнүн натыйжасында ээ болгон баалуулуктарына карата бааланууга тийиш.

5. Кыргыз тилин окутуу боюнча жүргүзүлүүчү илимий-методикалык иш-аракеттер тилдин ички структуралык түзүлүшүн окутуп-үйрөтүүгө гана багытталбастан, тилдин коомдогу жана жеке адамдын жашоо ишмердүүлүгүндөгү ордуна, барк-баасына багытталып, тил жана кеп, тил жана ойлоо, тил жана таанып-билүү, текст, стилистика маселелери боюнча методикалык изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгы сакталып калууда.

Ж. Чымановдун илимий-методикалык изилдөөлөрүнүн негизги багыттары кыргыз тилин окутууну инновациялык негизде жаңылоо, предметти окутуунун мамлекеттик стандарттарын заман талабына ылайык өркүндөтүү, аларга ылайык окуу программаларын иштеп чыгуу, окуу китептеринин жаңы муунун түзүү жана окутуунун интерактивдүү методдорун өнүктүрүү менен байланыштуу. Окумуштуу тилди окутууда текстти негизги каражаттардын бири катары пайдалануга артыкчылыктуу маани берип, грамматикалык материалдарды да тилди үйрөтүүнүн каражаты катары колдонууну сунуштайт.

Ж. Чымановдун кыргыз тилин уланмалуулук принцибинин негизинде окутууга кошкон салымы да анын илимий-методикалык ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Анын эмгектеринде мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан тартып жалпы билим берүүчү мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары окутууга байланышкан стандарттарды, концепцияларды, программаларды, план-иштелмелерди жана илимий-методикалык материалдарды иштеп чыгуу маселелери камтылган.

Окутуу процессинде Ж. Чыманов студенттин кызыгуусун, турмуштук тажрыйбасын жана жеке көз карашын эске алууга өзгөчө маани берген. Анын сабактарында студенттерге жакын темаларды, турмуштук кырдаалдарга негизделген тапшырмаларды колдонуу, өз алдынча ой жүгүртүүгө жана эркин пикир билдирүүгө шарт түзүү негизги орунда турган. Мындай мамиле билим алуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, алган билимин практикалык жагдайларда колдоно билүүсүнө багытталган.

Жыйынтыктап айтканда, Ж. Чымановдун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү кыргыз тилин окутуунун методикасынын өнүгүшү менен тыгыз байланышта. Анын эмгектеринде кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери, коммуникативдик багытта окутуу, байланыштуу кепти өнүктүрүү, текстти окутуунун каражаты катары пайдалануу, компетенттүүлүккө негизделген окутуу жана окутууну жаңылоо маселелери каралган. Окумуштуунун илимий эмгектери жана методикалык сунуш-тыянактары кыргыз тилин окутуунун методикасын өркүндөтүүдө, мамлекеттик тилди окутууда жана бул багыттагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө маанилүү илимий-методикалык булак болуп саналат. Ж. Чымановдун илимий-методикалык мурасын системалуу изилдөө кыргыз тилин окутуунун методикасынын өнүгүү тарыхын жана азыркы багыттарын тереңирээк ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Колдонулган адабияттар

1. Чыманов Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери : окуу куралы. – Бишкек, 1997. – 96 б.
2. Чыманов Ж. Дипломдук иш жазган бүтүрүүчүлөргө жардам. – Бишкек, 2004. – 19 б.
3. Чыманов Ж. Тил илимине киришүү. – Бишкек, 2001. – 148 б.
4. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Окутуу методдору : окуу куралы. – Бишкек, 2007. – 100 б.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Сабактын методдору жана практикасы. – Бишкек, 2007. – 104 б.
6. Чыманов Ж. Кыргыз тилин (мамлекеттик тил) окутуунун методикасы : типтүү программа. – Бишкек, 2008.
7. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. – Бишкек, 2009. – 64 б.
8. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек : Турар, 2009. – 488 б.
9. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутууну жаңылоонун концепциясын иштеп чыгуунун зарылдыгы // Кабарлар. – 2013. – № 3. – 116–122-бб.
10. Чыманов Ж. Кыргыз тили сабагы – баарлашуунун сабагы // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2015. – Атайын чыгарылыш. – 147–150-бб.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Бекмуратова Р.

УДК:338.26.034
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-121-127

Кармышакова И.П.
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Баткен региондук көп тармактуу институту
Кармышакова И.П.
Баткенский региональный многопрофильный институт КНУ имени Жусупа Баласагына
Karmyshakova I.P.
Batken Regional Multidisciplinary Institute of Jusup Balasagyn KNU